**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС**
**ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**
**ДЕПУТАТОВ**

---

**« 08 » - октябрь 2025-ж.**

**X чакырылыш**
**кезектеги XVII сессия**

**ТОКТОМ** **№ 3** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынын чакыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Прездентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 Жарлыгы менен бекитилген 2025-жылдын 22-декабрда өтүүчү кезектеги IV Элдик Курултайга Манас шаарынан делегаттарды шайлоо максатында, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 61-беренесине ылайык, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XVII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Манас шаарынын жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйыны 2025-жылдын 1-ноябрь саат 10:00 гө чакырылсын. Өкүлчүлүктүү жыйын Манас шаарындагы Ю.Абдрахманов 6 дарегиндеги административдик имараттын кичи жыйындар залында өткөрүлсүн.
2. Манас шаарынын өкүлчүлүктүү жыйынын өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы №1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Манас шаарынын жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынына делегаттарды шайлоо үчүн жыйындарды өткөрүү графиги №2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысы (Г.Осмоновага) милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**

Манас шаардык
депутаттар кеңешинин
08.10.2025-жылдагы
кезектеги XVII сессиясынын
№3-токтомуна №1-тиркеме

**Манас шаарынын жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынын чакыруу боюнча жумушчу тобунун курамы**

| № | Аты-Жөнү | Кызмат орду |
|---|---|---|
| 1. | Болотов Нуртилек Болотович | Манас шаардык депутаттар кеңешинин төрагасы |
| 2. | Маманов Каныбек Тойчубекович | Манас шаардык депутаттар кеңешинин төрагасынын орун басары |
| 3. | Осмонова Гульзат Орозбековна | Манас шаардык кеңешинин жооптуу катчысы |
| 4. | Мустапакулова Малика Пайгамбаркуловна | Манас шаарынын мэриясынын бөлүм башчысы-жумушчу топтун мүчөсү |
| 5. | Өмүрбек уулу Кудурет | Манас шаарынын мэриясынын башкы адиси- жумушчу топтун мүчөсү |
| 6. | Караев Турдукул Калилович | Демилгечи топтун өкүлү, жумушчу топтун мүчөсү |
| 7. | Султанова Курманжан | «Седеп» КФтун өкүлү, жумушчу топтун мүчөсү |

**Жооптуу катчы** **Осмонова Г.О.**

Манас шаардык депутаттар
кеңешинин 08.10.2025-

жылдагы кезектеги XVII
сессиясынын №3-токтомуна
№2-тиркеме

**Манас шаарынын жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынына өкүлдөрдү шайлоо үчүн жыйындарды өткөрүү графиги**

| № | Аймактык башкармалыктар | Өткөрү датасы | Сааты | Өкүлдөрдүн саны | Жооптуу МАБ |
|---|---|---|---|---|---|
| **1.** | Курманбек МАБ<br>№3 орто мектеп | 17.10.2025-ж. | 17-00 | 36 | Умуралиева А.К |
| **2.** | Ч.Айтматов МАБ<br>№6 орто мектеп | 17.10.2025-ж. | 15-00 | 40 | Алдосова Б.С |
| **3.** | М.Конгантиев МАБ<br>Имараты | 20.10.2025-ж. | 10-00 | 16 | Алтыбаева М.С. |
| **4.** | Т.Тайгараев МАБ<br>-№10 орто мектеп<br>-№25 Т.Идирисова орто мектеп | 20.10.2025-ж. | 10-00<br>15-00 | 20 | Джээнбеков Т.К |
| **5.** | Достук МАБ<br>№75 КЛ | 21.10.2025-ж. | 16-00 | 33 | Эргашева Н.О |
| **6.** | Спутник МАБ<br>№9 орто мектеп | 21.10.2025-ж. | 14-00 | 36 | Райимжанов А.А |
| **7.** | Көк-Арт МАБ<br>№13 орто мектеп | 22.10.2025-ж. | 14-30 | 19 | Шайбеков К.Ж |
| **8.** | Административдик имараттын кичи жыйындар залы | 01.11.2025-ж. | 10-00 | 200 | Мустапакулова М.П.<br>К.Өмүрбек уулу |

**Жооптуу катчы** **Осмонова Г.О.**